| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛАСТЫ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ОРОЗБЕКОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Орозбеков айылдык кеңешинин кезектеги сегизинчи сессиясы**

**Учкун айылы** **01.08. 2025-ж**

**Токтом №35**

**Айыл аймакта таза суу пайдалануучулардын тарифин бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып жана талкуулап, Орозбеков муниципалдык ишканасынын жетекчиси Ө. Ибрагимовдун баяндамасын угуп, Кыргыз Республикаснын "Ичүүчү суу жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 11-пунктуна негиз Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Орозбеков айыл аймагында ичүүчү таза суунун тарифи бир айына кожолуктагы ар бир жан башыга 20(жыйырма) сом өлчөмүндө, үйүнө киргизип алган кожолуктар үчүн ар бир жанга 40(кырк) сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Бекитилген тариф боюнча жыйымдарды өз убагында жыйноо жана таза суу менен камсыз болгон айылдардагы кожолуктарды таза суу менен үзгүлтүксүз, сапаттуу камсыздоо Орозбеков муниципалдык ишканасына тапшырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **К. Каримов**